Балдарындай эркелетип,
Баарын батырган,
Биз Бишкектен бакыт издедик.

**КубанычСатаев -*"Кусалык"***

с. Жылдызбек Турсунбаевдики
о. Кубаныч Сатаевдики

Өпкүм келип үлбүрөк эриндериң,
Өмүрүмдүн кусалуу жериндемин.
Өзөгүмө от жаккан жан болсо да,
Өзгөлөргө бир өзүңдөй,
Башкаларга бир өзүңдөй берилбедим.

Кыскым келип боюңду кучагыма,
Кыйналуунун жашаймынучагында.
Баштагыдай шаңданган өңдөн азып,
Батып барам сыр билгизбей,
Батып барам сыр билгизбей ыза-муңга.

Көз нуруңа кагылып мөлтүрөгөн,
Көлөкөңө зар болуп мен түгөнөм.
Туткундалып ар мүнөт сагынычка,
Туталанат эт жүрөгүм,
Туталанат эт жүрөгүм сен түнөгөн.

Өзөгүмө от жакканжанболсода,
Өзгөлөргө бир өзүңдөй,
Башкаларга бир өзүңдөй берилбедим.